КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

“НУР” ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ

**БЕКИТИЛДИ**

“Нур” ЖАКтын директору:

____________ А.Ж. Ураимов

“08” ____________ 2020-жыл

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

| Иштеп чыккан: | Колу: | Барактын саны: | Датасы: |
| --- | --- | --- | --- |
| А.Ж. Ураимов | | 5 | 25.11.2020 |

**ЖАЛАЛ-АБАД – 2020**

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Ушул жобо «Нур» Жалал-Абад колледжинин **(мындан ары – колледж)** локалдык акты болуп саналат, жана колледждин педагогикалык кеңешинин (мындан ары – педкеңеш) негизги маселелерин, курамын, ишмердүүлүгүн жана тартиптерин аныктайт.

1.2 Ушул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына, КР ӨТ №53, 03.02.2004 менен бекитилген «КРнын кесиптик орто билим берүүчү уюму жөнүндө жобосуна» жана колледждин Уставына негизделип иштелип чыгылды.

1.3 Колледждин педкеңеши өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө сөз эркиндиги, өз оюн эркин билдирүү, академиялык чынчылдык принциптерине таянуу менен иш жүргүзүүгө укуктуу жана милдеттүү.

## 2. Педкеңештин максаттары жана маселелери

2.1 Педкеңештин максаттары:

– билим жана тарбия берүү иштерин өркүндөтүү үчүн колледждин педагогикалык кызматкерлеринин иш аракеттерин бириктирүү;
– мамлекеттин билим берүү багытындагы саясатын эске алуу менен, колледжде педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды, технологияларды жана инновациялык усулдарды киргизүүнү уюштуруу;
– колледждин студенттеринин жана кызматкерлеринин билим берүү процессине байланышкан маселелерин чечүү.

2.2 Педкеңештин маселелери:

- Колледжге байланышкан маселелер:

– мамлекеттик жана локалдык деңгээлдердеги билим берүүнү өнүктүрүү стратегияларын, концепцияларын, пландарын жана башка талаптарын ишке ашырууну чечүү;
– колледждин материалдык-техникалык жана окуу-усулдук материалдар менен камсыздалышын кароо;
– адистик программалардын жана предметтик-циклдик комиссиялардын ишмердүүлүктөрүнө баа берүү;
– билим берүүнүн инновациялык технологияларын жана программаларын киргизүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;
– окуу процессинин документеринин (негизги кесиптик билим берүү программалары, окуу графиги, окуу жадыбалы) аткарылышына баа берүү;
– эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы эрежелердин сакталышын кароо;
– башка адистиктерди ачуу же бар адистиктерди ыктыярдуу түрдө жабуу суроолорун кароо.

- Персоналга байланышкан маселелер:

– жооптуу жактардын жана окутуучулардын жылдык иш пландарын кароо, пландардын аткарылуусу боюнча сыйлоо жана жазалоо сунуштарын чечүү;
– колледждин кызматкерлеринин квалификациялык талаптарга жооп беришин кароо, квалификацияларын жогорулатуу боюнча, квалификациясы дал келбегендерди жумуштан бошотуу боюнча суроолорду чечүү.

- Студенттерге байланышкан маселелер:

– өзгөчө категориядагы студенттерге жеңилдиктерди берүүнү кароо жана чечүү;
– студенттерди кийинки курска которуу, окуудан четтетүү, окууга тикелөө, сыйлоо, жазалоо, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого киргизүү жөнүндө талкуу жүргүзүү жана чечимдерди кабыл алуу;
– студенттер үчүн кошумча атайын курстарды, ийримдерди, клубдарды ачуу маселелерин кароо.

## 3. Педкеңештин курамы, мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

Педкеңеш окуу жылдын башында, 1 окуу жылына түзүлөт жана анын курамы директордун буйругу менен бекитилет.

3.1 Педкеңештин курамы:

- педкеңештин туруктуу курамына директор, анын орун басарлары, структуралык бөлүм башчылар, штаттагы окутуучулар, китепканачы, врач, ата-энелер комитетинин төрагасы, колледждин студенттик өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси жана студенттик омбудсмен кирет;
- керектүү учурларда башка мекеме жана уюмдардын, окуу жайлардын, ата-энелердин, студенттердин өкүлдөрү кеңешке чакырылган жак катары катышышы мүмкүн. Чакырылган жактар тийиштүү маселелерди кароодо добуш берүү укугуна ээ болушат;
- педкеңештин төрагасы болуп колледждин директору эсептелет, төраганын орун басары болуп директордун окуу иштери боюнча орун басары эсептелет;
- педкеңештин катчысы болуп колледждин иш алып баруучусу (делопроизводитель) эсептелет.

3.2 Педкеңештин мүчөлөрүнүн укуктары:

- педкеңешке чыгарылуучу маселелерди алдын ала кароого, талкуулоого, сунуштарды киргизүүгө, чечим чыгарууга катышуу;
- колледждин локалдык укуктук ченемдик актыларынын долбоорлорун даярдоого, талкуулоого, кабыл алууга катышуу;
- педкеңештин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат алуу.

3.3 Педкеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери:

- педкеңештин отурумдарына катышуу;
- педкеңештин чечимдерин аткаруу.

## 4. Педкеңештин ишмердүүлүгү

4.1 Колледжде 1 окуу жылында 6 педкеңеш өткөрүү пландаштырылат.

4.2 Керектүү учурларда окуу жайдын директору тарабынан кезексиз (пландан тышкары) педкеңеш өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынышы мүмкүн.

4.3 Педкеңешти даярдоо жана өткөрүү процесси төмөнкү 4 бөлүктөн турат:

- окуу жылына карата педагогикалык кеңештерди пландаштыруу (керектүү учурларда пландан тышкаркы педкеңешти өткөрүү чечимин кабыл алуу);
- педкеңешти өткөрүүгө алдын ала даярдануу;
- педкеңешти өткөрүү;
- педкеңештин чечимдерин аткаруу.

4.4 Педкеңештин жылдык планын түзүү, кезексиз отурумун өткөрүү чечимин кабыл алуу, каралуучу маселелерди аныктоо, педкеңешти өткөрүү жана анын чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө – колледждин директорунун милдети болуп саналат.

4.5 Педкеңештин отурумдарын системалуу, мазмундуу, сапаттуу протоколдоштуруу – педкеңештин катчысынын милдети болуп саналат.

4.6 Педкеңешти өткөрүү убакыты жана анда каралуучу маселелер 1 жума мурда кабарланат.

4.7 Педкеңештин отуруму башталганда, мурдагы педкеңеште кабыл алынган чечимдердин аткарылышы каралат.

4.8 Педагогикалык кеңештин чечими мүчөлөрдүн 3/2 бөлүгүнүн катышуусунда, ачык же жабык добуш берүү аркылуу, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Эгерде добуштардын саны барабар болуп калса, анда педкеңештин төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

4.9 Эгерде колледждин директору педагогикалык кеңештин чечимине макул болбосо, анда ал чечимдин аткарылышына «вето» коёт жана анын аткарылышын токтотуп турат.

4.10 Директор тарабынан «вето» коюлган чечим колледждин Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча кеңешинин, кесиптик бирлигинин жана студенттердин өз алдынча башкаруу органынын бириктирилген чогулушунда каралат жана ал чогулуштун жыйынтыктоочу чечими менен «вето» алынат же калтырылат. Бириктирилген чогулуштун жүрүшү протоколдоштурулат, протоколу педкеңештин протоколдор журналына тиркелет.

4.11 Педкеңештин чечимдеринин негизинде директор буйрук же тескеме чыгарышы мүмкүн.

4.12 Педагогикалык кеңештин чечимдери колледждин персоналы тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

4.13 Педкеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү директор ишке ашырат.

## 5. Педкеңештин документтери

5.1 Педкеңештин отурумдары протоколдоштурулат (Тиркеме 1).

5.2 Ар протоколго кезектеги номер коюлат.

5.3 Педкеңештин протоколуна төрага жана катчы кол коёт.

5.4 Протокол туруктуу сакталуучу документ болуп саналат, жана колледждин иш кагаздар номенклатурасына кирет.

Педагогикалык кеңеште каралып, макулдашылды.

Протокол №_____ "30" 11 2020-ж.

Иш алып баруучу, педагогикалык кеңештин катчысы: Н.Б. Курбанова

ББСКб кеңешинде каралып, колдонууга сунушталды.

Протокол № 2 "8" 12 2020-ж.

ББСКб инспектору, ББСКб кеңешинин катчысы: Г.О. Токтоматова

ББСКб кеңешинин төрагасы: А.Ж. Ураимов

*Тиркеме 1*

**Протокол № ____**

_____________ 202 ___ жыл

**Педкеңештин мүчөлөрүнүн жалпы саны: _____**

**Катышканы: _____**

**Катышпаганы: _____**

*(Эгерде педкеңешке башка чакырылгандар болсо, алардын ФАА жана кызматы жазылат)*

**Педкеңештин башталышы: _______**

**Педкеңештин аякташы: _______**

Педкеңештин төрагасы же секретары тарабынан мурдагы педкеңештин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат берилет жана протоколго жазылат, муктаждыкка жараша чечимдер кабыл алынат (бирок каралуучу маселе катары жазылбайт).

**Каралуучу маселелер:**

1.

2.

…

**Регламент:**

Докладдар үчүн ________ минут

Чыгып сүйлөөчүлөр үчүн ______ минут

Тактама үчүн ______ минут

Дем алыш үчүн ______ минут

Жалпы кеңеш үчүн ______ саат ______ минут.

*Педкеңештин каралуучу маселелери каралат:*

**1-чи маселе боюнча:** _______________ (фамилия, кызматы) доклады угулду (докладдын толук тексти тиркелсе, анын кыскача гана мазмуну жазылат).

**Докладчыга берилген суроолор:**

1.

…

*Берилген суроолордун мазмуну, жооптору жазылат.*

**Доклад боюнча окутуучулардын (3кө чейин) чыгып сүйлөгөн сөздөрү:**

1.

...

*Каралган доклад же маалымат боюнча берилген суроолорду, сүйлөөчүлөрдүн сунуштарын эске алуу менен биринчи маселе боюнча добуш беруу аркылуу чечим кабыл алынат.*

*Ушундай эле тартипте педкеңештин калган маселелери боюнча чечимдер кабыл алынат.*

*Кабыл алынган чечимдерди ар бир маселе бүткөндөн кийин же бардык маселелер каралып бүткөндөн кийин протоколго жазса болот.*

*Акырында, педагогикалык кеңештин өткөрүлүшү боюнча сын пикирлер берилсе, алардын мазмундары да кыскача 2-3 сүйлөм иретинде жазылат.*

**Педагогикалык кеңештин төрагасы:** _______________

**Педагогикалык кенештин катчысы:** _______________